

# ЗОМБУЛУКТУН ФАКТОРЛОРУ

Зомбулук болгон окуялардын жаралышына көптөгөн факторлор таасир тийгизет. Ошондуктан алардын алдын-алуу үчүн индивидуалдык, топтук, социалдык, маданий факторлордун өз ара аракеттешүүсүн, ошондой эле айлана-чөйрөнү да эске алуу керек.

## Зомбулуктун факторлорунун экологиялык модели




## Зомбулуктун катышуучулары




– багытча (стрелка) зомбулук кимден жана кимге багытталгандыгын көрсөтүп турат.


## Зомбулуктун катышуучулары: зомбулук көрсөткөндөр, жабырлануучулар, күбөлөр.



– зомбулук көрсөткөндөр – жабырлануучулар – күбөлөр

– багытча (стрелка) зомбулук кимге багытталгандыгын көрсөтөт.

Зомбулуктун катышуучуларынын ортосундагы мамилелер



Билим берүү мекемесинде зомбулук көрсөтүү учурларын жоюу боюнча уюштуруучулук-жетекчилик чараларды жана маалыматтык-агартуучулук иштерди ишке киргизүүнүн схемасы

Уюштуруучулук-башкаруучулук чаралар

M

1. Коопсуздукту жана социалдык-психологиялык климатты сактоо менен кырдаалды анализдөө

2. Зомбулукка карата билим берүүчү мекеменин саясатын иштеп чыгуу

3. Саясаттын жоболорун уставга кошуу, жүрүм-турум эрежелери, билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык милдеттери жана аракеттердин алгоритми

4. Зомбулуктун алдын-алуу боюнча билим берүү мекемесинин планын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү

5. Билим берүү мекемесинде психологиялык кызматтын ишин жана башка өнөктөштөр менен өз ара маилелерин уюштуруу

Билим берүү мекемесинде- ги кырдаалды жана социалдык-психологиялык климат- тын учурдагы мониторинги

Жумушчу топ

Билим берүү мекемесинин жетекчилиги, кызматкерлери, окуучулар, ата-энелер

**9. Зомбулуктун алдын-алуу максатында маалы- маттык материалдарды түзүү жана жайылтуу, ак- цияларды жана иш-чараларды уюштуруу**

**8. Балдарды тарбиялоо, тур- муштук көндүмдөрдү өнүктүрүү жана зомбулуктун алдын-алуу маселелери бою- нча ата-энелерге маалымат берүү, окутуу жана кеңеш берүү**

**7. Натыйжалүү сүйлөшүү, сылык мамиле кылуу жана конфликттерди зомбулук-суз чечүү көндүмдөрүнө окуучуларды үйрөтүү**

**6. Позитивдүү тарбиялоо, тартипти кармап туруу, зомбулуктун алдын-алуу жа- на ага жооп кайтаруу мaсе-лелери боюнча билим берүү мекемесинин педагогикалык кызматкерлерин даярдоо**

Коопсуз жана жагымдуу билим берүүчүлүк чөйрөнү калыптандырууга таасир тийгизген факторлор.



Зомбулукту жоюу жана зомбулук болгон учурларда ага жооп кайтаруу максатында билим берүү мекемелеринин өз ара аракеттешүү субъекттери



***Коопсуздук кызматынын кызматкерлери*** видеобайкоо же мектепти жана ага тиешелүү аймакты кыдырып карап чыгуу аркылуу зомбулук окуяларынкаттаганда, ошондой эле окуучулардан, ата-энелерден же кызматкерлерден билдирүүлөрдү алганда, ошол замат окуя тууралуу мектептин жетекчилигин кабардар кылышы керек. Зарылдыкка жараша укук коргоо органдарынын кызматкерлерин телефон боюнча же “коркунуч баскычынын” жардамы менен чакыруу керек.

***Окуучулар*** класс жетекчиге, кезек өтөгөн мугалимге, коопсуздук кызматын кызматкерине же башка кызматкерлерге чыныгы же божомолдонгон зомбулук актысы тууралуу оозеки, телефон боюнча, смс-билдирүү аркылуу (эреже катары, класс жетекчинин телефонунун номери окуучуларга жана алардын ата-энелерине белгилүү болот) же кат аркылуу билдире алышат. Класс жетекчи окуучулар менен коркунуч жаралган учурда жана чоңдордун кийлигишүүсү зарыл болгон учурларда кандайдыр-бир шарттуу белгилердин колдонулушун сүйлөшүп алса болот. мындай белгилерге жана “коркунуч шарттуу белгилерине” белгилүү бир айтымдар, сөздөр, окуучулар күндөлүккө (дептер- ге) салып койгон же мугалимдин столуна коюп койгон кайсыл-бир буюм болушу мүм- күн.

***Педагогдор*** зомбулук окуясы тууралуу маалымдоонун максаты – бул зомбулук көрсөткөн адамды жазалоо жана артынан түшүү эмес, бул анын кесепеттеринин алдын-алуу үчүн өз убагында кийлигишүү экендигин түшүндүрүү керек. Окуучулардын көнүлүн, коркунуч анчейин кооптуу эмес болгон кырдаалдар тууралуу да билдирүү, маанилүү экендигине буруу керек – чатак тез эле катуу мушташка, “чатакка”, дайым кайталануучу кодулоого жана буллингке өтүшү мүмкүн.

Окуучулардан келип түшкөн зомбулук фактылары же анын болушу божомолдонгондугу тууралуу маалыматтарга билим берүү мекемелеринде ыкчам жана ыктуу чара көрүлүшү керек. Маанилүүсү зомбулук тууралуу кабарлаган окуучуну көнүл кош мами- ле кылуу менен, ишенбестик же дароо эле окуянын бардык деталдарын айтууну талап кылуу менен чочутуп алыстатып албаш керек. Болбосо кабарлап жаткан адам коркуп, өзүнө жашырынышы мүмкүн, жана зомбулук фактысы ачылбаган бойдон калат.

***Ата-энелер*** зомбулук фактысы же окуучулар же окуу жайдын мугалимдери тарабынан алардын балдарынын же башка балдардын зомбулукка кабылып жаткандыгы боюнча өздөрүнүн кооптонуулары тууралуукласс жетекчиге, директордун орун басарына же мектеп директоруна (ал эми ал жок болгон учурда кезек өтөгөн мугалимге же администраторго) жеке жолугушканда, телефон боюнча, же электрондук почта аркылуу билдире алат. Алар ошондой эле өздөрүнүн билдирүүлөрүн билим берүү мекемесинин жетекчисинин наамына, билим берүү башкармалыгынын жогорку органына, укук коргоо органдарына жана укук коргоо уюмдарына арыз формасында билдире алышат.

***Билим берүү мекемесинин кызматкерлери*** бардык байкалган же божомолдонгон зомбулук окуялары тууралуу класс жетекчиге, директордун орун басарына, директорго, ал эми алар жок болгон учурда кезек өтөгөн мугалимге жана администраторго маалымдашы керек.Зомбулук фактылары жашырылган же окуу жайдын жетекчиси тарабынан колдоого ээ болгон учурларда, кызматкерлер билим берүү башкармалыгынын жогорку органдарына жана укук коргоо органдарына кайрылышы керек.

Окуучулар, ата-энелер жана педагогдор мектептин сайтын пайдалана алышат, андагы “билдирүүлөр” же “суроо-жооп” бөлүмүнө кирип билим берүү мекемесинин администрациясына зомбулук болгон окуялар тууралуу маалымдама жазышат. Алар ошондой эле атайын “ишеним телефондоруна” СМС-билдирүүлөрдү жиберүү менен же ал боюнча оозеки формада директордун зомбулуктун алдын-алуу жана ага жооп кайтаруу боюнча орун басарына маалымдай алышат.

Билим берүү мекемесинин жетекчилигин дарегине кайрылууларды токтоо үчүн, анын ичинде зомбулук фактылары тууралуу билдирүүлөрдү чогултуу үчүн, окуучулар

үчүн ачык көрүнүктүү жерде (коридордо, вестибюлда) “ишеним почтасы” орнотулушу мүмкүн. Ага кереги жок маалыматтардын кошулуп кетишин жокко чыгаруу үчүн, бардык окуучуларга анын максатын түшүндүрүү зарыл. Башталгыч класстар үчүн мугалим класстын ичинде эле чакан кутуча орното алат.

Окуучулардан, ата-энелерден, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринен келип түшкөн, зомбулуктун божомолдогон же чыныгы окуялары тууралуу билдирүүлөрдүн баары, ошондой эле анонимдүү билдирүүлөр келип түшкөн күнү болгон окуяны/зомбулук окуяларын каттоонун атайын формасы боюнча каттоодон өткөрүлөт (тиркеме 10) жана директордун зомбулуктун алдын-алуу жана зомбулукка жооп кайтаруу боюнча жооптуу орун басары тарабынан изилденет, ал өз учурунда маалыматтарды директорго кабарлайт, тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн алардын иликтенишин уюштурат.

Билим берүү мекемесинде зомбулук көрсөтүлгөн учурларды аныктоо жана аларга карата чараларды көрүү боюнча аракеттердин кыскача схемасы



## Зомбулук кърсътілгън учурларга кънъіл буруунун ілгілік схемасы жана билим берії процессинин катышуучуларынын аракеттеринин алгоритми

**1. Зомбулук көрөтүлгөн учурлар же аны көрсөтүү аракеттери болгон учурлар тууралуу маалымдоо**

**жабырлануучу**

- *Билим беруу мекемесинин ишенген кызматкерине же Билим берүү мекемечсинин кызматкерлерин болгон ыкмалар менен маалымдайт*
- Ата-энелерге маалымдайт

***Окуяга күбө болгон же ал тууралуу билип калган окуучу***

- *Билим берүү мекемесинин ишенген кызматкерине, кезекчи мугалимге, администраторго кабарлайт же Билим берүү мекемечсинин кызматкерлерин еболгон ыкмалар менен маалымдайт*

**жабырлануучунун ата-энеси**

- *Класс жетекчиге, билим берүү мекемесинин директорунун жооптуу орун басарына, директоруна чараларды көрүү үчүн кайрыла (оозеки же жазуу түрүндө)*

***Окуяга күбө болгон же ал тууралуу билип калган ата-эне***

- *Класс жетекчиге, директордун жооптуу орун басарына, билим берүү мекемесинин директоруна кабарлайт*

**2. Зомбулукту токтотуу максатында дароо кийлигишүү**

***Окуяга күбө болгон же ал тууралуу билип калган билим берүү мекемесинин кызматкерлери***

- *Катышуучуларды арачалайт, зарылдыкка жараша жардамга коопсуздук кызматын, билим берүү мекемесинин башка кызматкерлерин чакырат.*
- *Класс жетекчиге, директордун жооптуу орун басарына, ал эми алар жок болгондо – кезекчи администраторго маалымдайт*

***Окуяга күбө болгон же ал тууралуу билип калган окуучу***

- *Дароо билим берүү мекемесинин кызматкерлерине маалымдайт*
- *Өмүргө жана саламаттыкка коркунуч жок болгон учурда (тен күчтөр, конфликте куралдын колдонулбастыгы) катышуучуларды арачалайт*

***Окуяга күбө болгон же ал тууралуу билип калган ата-эне***

- *Катышуучуларды арачалайт, зарылдыкка жараша жардамга коопсуздук кызматын, билим берүү мекемесинин башка кызматкерлерин чакырат*

* бб.м. – билим берүүчү мекеме

Балага карата зомбулук тууралуу анын жүрүм-турумундагы, маанайындагы, тышкы келбетиндеги өзгөчөлүктөр, «себепсиз» сабак калтыруулар жана окуу- га жетишүүнүн начарлашы кабарлайт. Мындай белгилерди байкаган учурда билим берүү мекемесинин кызматкери же окуучу ал тууралуу класс жетекчиге же директордун жооптуу орун басарына кабарлашы керек, алар ошол замат окуяны талдоого киришиши керек, жана зомбулук чын эле болгон болсо, жардам көрсөтүшү керек

**3. Жабыр тарткан тарапка алгачкы жардам көрсөтүү**

**4. Зомбулук көрсөтүлгөн окуяны талдоо жана каттоо**

**Жабырлауучунун *өмүрүнө жана саламаттыгыны коркунуч жаралганда***

*Билим берүү мекемесинин кызматкери, окуучу, ата-эне, күбөл болгон же окуя жөнүндө билип калган тарап*

- *Алгачкы жардам көрсөтөт*
- *Билим берүү мекемесинин медициналык кызматкерин чакырат же жабырлануучуну билим берүү мекемесинин медициналык бөлмөсүнө коштоп алып барат*

*Медициналы к кызматкер, билим берүү мекемесинин администрац иясынын өкүлү, ал жок болгон учурда - билим берүү мекемесинин кызматкери*

- *Тез жардам кызматын чакырат*
- *Жабыр тарткан окуучунун ата-энесине маалымдайт*

Класс жетекчи, ал жок болгон учурда кезекчи администра-тор

- Жабырлануучу, зомбулук көрсөткөн тарап, күбөлөр (зарыл болгон учурда билим берүү мекемесинин психологун тартуу менен) сүйлөшөт, окуяны документтештирет жана ал тууралуу билим берүү мекемесинин директорунун жооптуу орун басарына же директоруна маалымдайт
- Жабырлануучунун жана зомбулук көрсөткөн тараптын ата-энелерине, кырдаалга, окуянын мүнөзүнө жана кесепеттерине жараша маалымдайт

Психолог, социалдык педагог

- Класс жетекчиге, директордун жооптуу орун басарына окуяны талдоодо кеңеш берет жана зарыл болгон учурларда ага катышат

Билим берүү мекемесинин ыйгарым укукутуу кызматкери

- Зомбулук тууралуу билдирүүлөрдү, окуучулардын, алардын ата-энелеринин, билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин зомбулук жана укуктарды бузуу тууралуу даттануулары карайт
- Зарылдыкка жараша окуяны талдоого катышат, катышуучулар, ата-энелер, билим берүү мекемесинин кызматкерлери менен сүйлөшөт
- Зарылдыкка жараша зомбулук фактысын же укуктардын бузулуш фактыларын иликтөөнү демилгелейт

Директордун жооптуу орун басары

- Зомбулук тууралуу билдирүүлөрдү, окуучулардын, ата-энелердин, билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин зомбулукка байланышкан даттануулары жана арыздарын карап чыгат
- Зомбулук болгон окуя тууралуу маалыматты журналга (маалыматтардын электрондук базага) каттайт, ал тууралуу билим берүү мекемесинин директоруна маалымдайт
- Окуяны талдоого катышат, окуучулар, алардын ата-энелери, билим берүү мекемесинин кызматкерлери менен сүйлөшөт
- Окуяны талдоо боюнча комиссиянын (алдын-алуу боюнча кеңештин) ишин уюштурат

Директор, ал жок болгон учурда жооптуу орун

- Зомбулук тууралуу билдирүүлөрдү, окуучулардын, ата-энелердин, билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин зомбулукка байланышкан даттануулары жана арыздарын карап чыгат
- Зомбулук болгон ар бир факты боюнча талдоо жүргүзүүнү камсыз кылат
- Окуяга, анын мүнөзүнө жана натыйжаларына карай төмөнкүлөрдү аткарат: а) зомбулуктун катышуучулары, ата-энелер менен сүйлөшүүлөрдү өткөрөт б) класс жетекчиге, жооптуу орун басарга же атайын комиссияга же алдын-алуу боюнча кеңешке окуяны талдоо жүргүзүүнү тапшырат жана алардын жыйынтыктарын жана сунуштарын карып чыгат в) зомбулук көрсөткөн тарапка карата көрүлгөн тарбиялык жана дисциплинардык чаралар жөнүндө чечимдерди кабыл алат г) жабырлануучунун өмүрүн кыйылышына алып келген учурларда жана сексуалдык зомбулук ж.б. менен байланышкан учурларда, окуя тууралуу билим берүүнүн жогору турган органына, укук коргоо органдарына дароо ошол замат маалымдайт

*Зомбулук көрсөтүлгөн окуяны* талдоо боюнча комиссия (алдын-алуу боюнча кенеш)

- Комиссиянын мүчөлөрү (алдын-алуу боюнча кеңеш) жабырлануучу, зомбулук көрсөткөн тарап, күбөлөр, ата-энелер, билим берүү мекемесинин кызматкерлери менен сүйлөшөт, катышуучулардын, жалпы эле кырдаалдын жана анын кесепеттеринин абалын анализдейт, катышуучуларга жардам көрсөтүү жана тарбиялык, дисциплинардык жана алдын-алуучу чараларды кабыл алуу боюнча сунуштамаларды берет

Тарбиялоочу жана дисциплинардык чараларды кабыл алуу
Окуяны аягына чейин аяктоо.

**Класс жетекчиси**

- Зомбулуктун катышуучуларынын абалына байкоо салып турат, алар менен, алардын ата-энеси менен сүйлөшөт; зарылдыкка жараша психологду, социалдык педагогду, бала укуктары боюнча ыйгарым укуктуу тарапты катышуучуларга жардам көрсөтүү үчүн тартат
- Тарбиялык чараларды кабыл алат, көрүлгөн чаралардын жана көрсөтүлгөн жардамдын жыйынтыктары жөнүндө директордун жооптуу орун басарына маалымдайт
- Окуяны талкуулоо, класста (топто) түшүндүрүү жана алдын-алуучу иштерди жүргүзөт (зарылдыкка жараша психолог, социалдык педагог, бала укуктары боюнча ыйгарым укуктуу тарап менен биргеликте)

**Билим берүү мекемесинин психологу**

- Жабырлануучунун, зомбулук көрсөткөн тараптын, күбөлөрдүн психологиялык абалын баалайт, аларга психологиялык жардам көрсөтөт
- Класс жетекчиге, башка мугалимдерге жана билим берүү мекемесинин кызматкерлерине зомбулуктун катышуучуларына карата жүрүм-турум тактикасы боюнча жана класста (топто) жана жалпы эле билим берүү мекемесинде түшүндүрүү жана алдын-алуучу иштерди өткөрүү боюнча кеңеш берет
- Зарылдыкка жараша өз алдынча же класс жетекчиси же директордун жооптуу орун басары менен биргеликте класс (топ) менен окуяны талкуулоону же алдын-алуучу сүйлөшүүнү уюштурат
- Ата-энелерге кеңеш берет, көрсөтмөлөр болгон учурларда психологиялык, медициналык жана социалдык жардам алуу үчүн башка мекемелерге кайрылууну сунуштайт
- Катышуучулардын, класстын (топтун) башка окуучуларынын психологиялык абалына мониторинг жасайт, зарылдыкка жараша кеңеш берүүнү жүргүзөт, тренингдерди уюштурат, ата-энелер менен сүйлөшөт

**Социалдык педагог**

- Түрдүү адистер (психолог, социалдык кызматкер, медициналык кызматкер, юрист ж.б.) жана кызматтар тарабынан окуучуларга жардам көрсөтүүнү координациялайт, окуучулардын ата-энелери менен биргелешип иштешет жана көрсөтүлгөн жардам тууралуу класс жетекчиге жана директордун жооптуу орун басарына маалымдайт

**Баланын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу**

- Окуучулардын (жабырлануучунун, зомбулук көсөткөн тараптын, күбөлөрдүн) укуктарын коргоо боюнча чараларды кабыл алат, зарылдыкка жараша ал үчүн түрдүү мекемелерди, укук коргоочу органдарды тартат, көрүлгөн чаралар тууралуу окуучулардын ата-энелерине , класс жтеечисине, билим берүү мекемесинин директорунун жооптуу орун басары, директор.

**Директордун жооптуу орун басары**

- Бардык катышуучуларга (зомбулукка кабылган жана зомбулук көрсөткөн тараптарга) жардам көрсөтүүнү жана аларга карата көрүлгөн тарбиялык жана дисциплинардык чараларды көзөмөдөйт жана бул тууралуу билим берүү мекемесинин директоруна маалымдайт
- Зомбулук көрсөткөн тарапты (жана анын ата-энелерин) ага карата көүлгөн дисциплинардык чаралар жана дисциплинардык айыптар тууралуу маалымдайт
- Зомбулук болгон ар бир окуя боюнча көрүлгөн чараларды (жардамдар, тарбиялык жана дисциплинардык) журналда (маалыматтардын электрондук базасында) каттайт жана билим берүү мекемесинин директоруна маалымдайт
- Окуучуларды мектеп ичиндеги каттоого тургузат, алардын жүрүм-турумунун мониторингин уюштурат жана каттоодон билим берүү мекемесинин директорунун же комиссиянын чечими боюнча чыгарат
- Окуучуларга карата зомбулук көрсөткөн билим берүү мекемесинин кызматкерине жана бир катар жолу тартипти одоно бузган жана зомбулук аракеттерди жасаган окуучуларга сунуштама даярдайт

**Директор**

- Бардык катышуучуларга (зомбулукка кабылган жана зомбулук көрсөткөн тараптарга) социалдык-педагогикалык жана психологиялык жардам көрсөтүүнү камсыз кылат
- Бардык катышуучуларга (зомбулукка кабылган жана зомбулук көрсөткөн тараптарга) карата тарбиялык жана дисциплинардык чараларды ишке ашырууну камсыз кылат
- Зомбулуктун бардык учурларын аныктоонун, каттоонун жана аларага жооп кайтаруунун мониторингин жүргүзүүнү камсыз кылат

**Урматтуу катышуучу!**

**Бул сурамжылоо сиз катышкан семинар тууралуу пикирлерди билүүгө мүмкүнчүлүк берет, жана келечектеги семинарларды, башка катышуучулардын кызыкчылыктары үчүн, жакшыртууга жардам берет. Сиздин жоопторуңуз үчүн алдын-ала ыраазычылык билдиребиз.**

Сиз төмөндө берилген ырастамалар менен макулсузбу же макул эмессизби?

Төмөндө берилген шифрлерди колдонуу менен, 1ден 5ке чейинки шкала боюнча аларга баа бериңиз:

5. Абсолюттук макулмун
4. Макулмун
3. Билбейм
2. Макул эмесмин
1. Таптакыр макул эмесмин

**Материалдар**

Менин оюмча:

- Бул модулдун максаттары так аныкталган **5 4 3 2 1**
- Материал түшүнүктүү жана системалуу берилген **5 4 3 2 1**

**Маалыматтык камсыздоо**

- Мен бул семинардан көп нерсени билдим
- Семинар мага маселени жакшы түшүнүүгө жардам берди

**5 4 3 2 1 5 4 3 2 1**

**Окутуунун методикасы**

- Материалды түшүндүрүү так жана түшүнүктүү болду
- Окуу материалы билим берүүчү мүнөздө болду
- Талкуулар өтө пайдалуу болушту
- Мен бул семинарга активдүү катыштым жана өзүмдүн салымымды коштум

**5 4 3 2 1 5 4 3 2 1 5 4 3 2 1 5 4 3 2 1**

**Семинарды өткөрүү орду жана программасы**

- Семинарды өткөрүү орду жана программасы рационалдуу аныкталган жана түзүлгөн
- Бардык керектүү материалдар сунушталды
- Семинардын техникалык камсыздалышы адекваттуу болду

**5 4 3 2 1 5 4 3 2 1 5 4 3 2 1**

Мындай семинарлардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Сиз эмнени сунуштайт элеңиз______________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

**РАХМАТ!**